**Ош мамлекеттик университетинин Көзөмөлчүлүк кенешинин жыйналышынын**
**№ 3 ПРОТОКОЛУ**

**Ош шаары** **“ 9” март 2022 -ж.**

**Жыйналыштын төрагасы** - Нурунбетов Б.А.
**Катчы** - Абдыкеримов А.А.

**Жыйналышка катышкандар:** Абдыкадыров А., Исмаилова Б., Кайымов Т., Калыкулов К.А., Кыштобаев О., Махаммадов А., Омуров Н.К.,Тойчиев Ч.

**Чакырылгандар:** Кожобеков К.Г.,Турсунбаев Ж.Ж., Пусур т.Замир., Исираилов А.А., Зайнидинов А., Сабиров С.

**Кун тартиби**:

1. Көзөмөлчүлүк кеңешинин төрагасын жана катчысын шайлоо.
2. ОшМУнун Көзөмөлчүлүк кеңешинин Уставын, Көзөмөлчүлүк кеңешинин 2022-жылга түзүлгөн иш планын бекитүү.
3. АК-Буура дарыясынын жээгиндеги ОшМУнун эс алуу жайын реконструкциялоону жана аны каржылоону кароо.
4. МИТ факультетине өндүрүштүк лаборатория ачуу үчүн Мобилдик компьютердик классты тиешелүү кошумча жабдуулары менен сатып алуу маселеси.
5. ОшМУнун медициналык клиникасына диагностикалык , стоматологиялык жана хирургиялык жабдууларды ошондой эле сарпталуучу материалдарды сатып алууга заем берүүнү кароо.
6. ОшМУнун Эл аралык медицина факультетинин I курсунун акы төлөнүүчү тейлөөлөр боюнча түзүлгөн тарифинин прейскурантына өзгөртүү киргизүүнү кароо.
7. МИТ факультетинин ПМИ(м)-1-20 тайпасынын магистранты Калбаев Ж үй-бүлөлүк шартына байланыштуу контракттан жеңилдик берүү жөнүндө арызын кароо

Эл аралык мамилелер факультетнин МО(б)-2-18 тайпасынын студенти Момунжанова Э. контракттык төлөмүнө жеңилдик берүү.

8. “Университет” ОшМУ волейбол клубуна, Кыргыз республикасынын студенттик лигаларынын универсиадасынын катышуучуларына материалдык колдоо көрсөтүүнү кароо:
- ОшМУнун балдар волейбол клубунун студенттерине жана тейлөөчү кызматкерлерине кошумча айлык (үстөк акы) жана стипендия төлөп берүү;
- ОшМУнун кыздар волейбол клубунун студенттерине жана тейлөөчү кызматкерлерине кошумча айлык (үстөк акы) жана стипендия төлөп берүү;
9. Кыргыз республикасынын Жогорку лигасындагы кичи футбол боюнча жогорку окуу жайлар арсындагы чемпионатта 2-орунду алгандыгы үчүн, ОшМУнун кичи футбол курама командасынын студенттерине жана магистранттарына келишимдик акыдан 50 пайызга жеңилдик берүүнү кароо.
10. ОшМУдан Бишкекте боло турган Студенттик лигаларынын универсиадасына катышып келе турган студенттердин, мугалимдердин жана башка тейлөөчү кызматкерлердин жалпы чыгымдарын кароо.

I **Угулду: Нурунбетов Б.А.,** - Көзөмөлчүлүк кеңешинин төрагасы, Кыргыз республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 31-январы №85/1 “Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу билим берүү уюмдарынын көзөмөлчүлүк кеңештерин түзүү жөнүндө” буйругу менен тааныштырып кетейин, мүчөлөрдүн саны 11 кишиден турат, 10 киши мурунку курамдан, бир киши Ражапов М.З.,-Араван райондук статистика башкармасынын башчысынын ордуна, Тойчиев Ч.А.,- ОАО “РСК Банк” тын директору жаңыдан шайланды. Бизде статистика тармагынан 2 киши мүчө болуп келген, ошондуктан бир киши башка тармактын окүлүнө өзгөртүлдү. Сиздерге маалымдап кетейин Омуров Н.К., Бишкекте иштеп жашагандыгына байланыштуу “Он-лайн” режиминде чогулушка катышып жатат, ал эми Белеков Ж.О.,- Бишкекте иш сапарында жүрөт,калгандарыбыз ушул жердебиз.

**Кожобеков К.Г.**,- ОшМУнун ректору профессор, бардыгыныздар Көзөмөлчүлүк кеңешинин мүчөсү болуп жаңыдан шайландыңыздар, процедура боюнча Көзөмөлчүлүк кенешинин төрагасын шайлап алышыбыз керек, кимде кандай сунуш бар ?.

**Исмаилова Б.**,-“Жалпы билим” фондунун директору, Көзөмөлчүлүк кеңешинин өткөн мезгилдеги ишине токтолсок, талапка жараша иш жүргүзүлүп жатат, университеттин окуу-тарбия, каржы- чарбачылык ишкердүүлүгү канааттандырарлык деңгээлде. Буга далил катары окуу жайынын кирешеси улам өсүп, студенттердин окуусуна

жакшы шарттар түзүлүп, материалдык – техникалык база жаңыланып, окуу корпустары, спорттук зал жана башка обьектилер пайдаланууга берилип, оргтехникалар жаңыланып, жогорку окуу жайлар арсындагы рейтингде ОшМУ туруктуу алдынкы орундарды ээлегендигин айтсак болот, ж.б. Жогорудагыларга таянып Нурунбетов Б.А. алдыдагы жаңы мөөнөткө кеңештин төрагалыгына кайрадан шайланышына талапркер катарында сунуш киргизем.

**Кожобеков К.Г.** Башка талапкер барбы ? Жок. Кворум бар, шайлоону баштасак болот, анда Нурунбетов Б.А. Көзөмөлчүлүк кеңешинин төрагалыгына шайланышын ачык добушка коём, добуш бериңиздер. Макул-9, Каршы-жок, Калыс-жок, бир добуштан шайланды.

**Нурунбетов Б.А.,** чогулушту андан ары улантты. Сиздердин катышууңуздар менен арабыздан Көзөмөлчүлүк кеңешинин катчысын шайлап алышыбыз керек, бул боюнча кимде кандай сунуш бар ?

**Махаммадов А.М.,** Көзөмөлчүлүк кеңешинин катчысына Абдыкеримов А.А.-көзөмөлчүлүк кеңешинин мүчөсүн, ОшМУнун пландоо-финансылык бөлүмүнүн башкы адисинин талапкерлигин сунуштайм.

**Кайымов Т.Т.,**- Көзөмөлчүлүк кеңешинин мүчөсү, Абдыкеримов А.А. өз ишине жоопкерчилик менен мамиле жасап жүктөлгөн милдеттерди канаатандырлык деңгээлде алып барып жатат, ошондуктан анын талапкерлигин колдоп берсек жаңылыштык болбойт деп эсептейм жана сиздерди дагы колдоп берүүгө чакырам.

**Нурунбетов Б.А.-** Көзөмөлчүлүк кеңешинин катчылыгына АбдыкеримовА.А. талапкéрлигин ачык добушка коём, добуш бериңиздер. Макул-9, Калыс-жок, Каршы –жок, бир добуштан шайланды.

**Нурунбетов Б.А.**-мени Көзөмөлчүлүк кеңешинин төрагалыгы шайлаганыңыздар үчүн ыраазычылык билдирем. Сиздердин бардыгыңыздарды жаңыдан шайланышыңыздар менен куттуктайм, алдыда боло турган мезгилде ишке активдүү катышып, университеттин мындан ары карай өнүгүшүнө өз салымдарыңыздарды кошосуздар деп ишенем.

**Кожобеков К.Г.,**-ОшМУнун ректору, Көзөмөлчүлүк кеңешинин университеттин ишин жөндөөдө өзүнүн орду бар, сиздер менен бирге туура чечимдерди кабыл алып, стратегиялык маселелерге көңүл буруп, приоритеттүү багыттарды белгилеп алсак, окуу жайыбыздын алдыга өнүгүүсү ыкчам жана туруктуу болот деп ойлойм. Сиздер ар кандай

тармактын өкүлдөрүсүздөр, тажрыйбаңыздар бай, мүмкүнчүлүгүңүздөрдү биздин мекемеге дагы жумшайсыздар деген үмүттөмүн, мындан аркы ишиңиздерди ийгиликтер коштосун.

ОшМУнун Көзмөлчүлүк кеңеши күн тартибине коюлган маселени карап чыгып **Токтом кылат :**

1.**Нурунбетов Балтагул Аттокурович**- Кыргызстан элдеринин Ассамблеясынын Ош бөлүмүнүн төрагасы, тарых илимдеринин доктору, профессор, ОшМУнун Көзөмөлчүлүк кеңешинин төрагасы болуп дайындалсын.

2.**Абдыкеримов Абдыманап Акматалиевич** -пландоо-финансылык бөлүмүнүн башкы адиси,э.и.к., ОшМУнун Көзөмөлчүлүк кеңешинин катчысы болуп дайындалсын.

**II Угулду: Абдыкеримов А.А.,**-Көзөмөлчүлүк кеңешинин катчысы. Уставды иштеп чыгууда Кыргыз Республикасынын 30-апрель 2003-жыл №92 "Билим берүү жөнүндө", 30-май 2014-жыл №81 "Көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө" мыйзамдары, "Ош мамлекеттик университети" мекемесинин 24-февраль 2020-жылы Кыргыз Республикасынын Юстиция башкармалыгынын Ош областы жана Ош шаардык башкармалыгы тарабынан катталган Уставы, ОшМУнун ректораты жана профсоюз комитетинин ортосунда 2019-2022-жылдарга карата бекитилген Жамааттык келишими жана башка аракеттеги мыйзам ченемдүү укуктуу актылар жетекчиликке алынды. Мындан тышкары И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университеттеринин тиешелүү уставдары менен таанышып чыктык.

Устав менен бирге сиздердин карооңуздарга Көзөмөлчүлүк кеңешинин 2022-жылга карата түзүлгөн иш планы сунушталып жатат, карап бектитип беришиңиздерди суранабыз.

ОшМУнун Көзмөлчүлүк кеңеши күн тартибине коюлган маселени карап чыгып **Токтом кылат :**

1.Ош мамлекеттик университетинин Көзөмөлчүлүк кеңешинин Уставы бекитилсин.

2.Ош мамлекеттик университетинин Көзөмөлчүлүк кеңешинин 2022-жылга түзүлгөн иш планы жактырылсын.

**III Угулду: Зайнидинов А.,**-ОшМУнун Административдик-чарба департаментинин директору. ОшМУнун карамагында Кара-Суу районунун Төлөйкөн айыл аймагындагы Төлөйкөн айылында Ак-Буура дарыясынын жээгинде жайланышкан Ак-Буура эс алуу жайы реконструкциялоого муктаж.

Азыркы учурда университетте 1600 дөн ашык окутуучулар эмгектенип жана 40000 ге жакын студенттер билим алып жатышат, алардын арасынан өзүбүздүн Ак-Буура комплексинде эс алууну каалагандар жыл сайын келип кайрылышат, суроо-талап болуп жаткандыктан бул зонаны заманбап түрүнө оңдоп жакшы шарттарды түзүп берүүбүз зарыл. Долбордук-сметалык документ даярдалып бүткөн, ал өзүнө төмөндөгүлөрдү камтыйт: жазгы ашкананы тамак бышыруучу жайы менен, бессейнди трибунасы менен, бассейнге чакан кошумча курулушту, футболдук аянтчананы (эскиздик долбоор тиркелет). Сиздерден ушул курулуштарды баштоого жана тиешелүү өлчөмдө каржылоого уруксат беришиңиздерди суранабыз.

ОшМУнун Көзмөлчүлүк кеңеши күн тартибине коюлган маселени карап чыгып **Токтом кылат :**

1. ОшМУнун АК-Буура дарыясынын жээгиндеги эс алуу жайын КР Өкмөтүнүн 2004-жылдын 3-февралындагы №53 токтомунун №5 "КР жогорку кесиптик билим берүүчү билим берүү уюмдары жөнүндө Жобо"сунун VIII "ЖОЖ дордун каржылык жана чарбалык ишкердүүлүгү" бөлүмүнө таянып, долбоордук –сметалык иш кагаздарга ылайык реконструкциялоо жана курулуш иштерин каржылоо колдоого алынсын.

**IV Угулду:** Азимов Б.,-МИТ факультетинин Колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасынын башчысы. Учурда окутуу ыкмаларында техниканы колдонуу улам күчөп бара жатат, студенттердин саны дагы да көбөйүп ар кандай иш чараларды өткөрүү зарылдыгы келип чыгууда. Заманбап оргтехникалар менен мындай иштерди уюшкандыкта жана жогорку деңгээлде алып барууга мүмкүнчүлүктөр бар. МИТ факультетинин базасында өндүрүштүк лаборатория ачып мобилдик классты уюштурсак, ар кандай семинарларды, конференцияларды ж.б. ушул сыяктуу иш жыйындарды талапка ылайык өткөрүүгө жакшы шарт түзүлөт. Мобилдик компьютердик классты каалаган жерге алып барып сабак өтсө, башка иш форумдарга кеңири пайдаланса болот. Мобилдик компьютердик класстын өзү- негизги оргтехника, ал принтер, лазер станогу, ноутбук, смарт монитор, графикалык планшет жана башка аппараттар менен агрегатталат

(керектелүүчү аппараттардын тизмеси тиркелет), алдын алып эсептөөлөр боюнча жалпысынан 7 975 000 сом талап кылынат, сиздердин колдоп беришиңиздерди суранабыз.

ОшМУнун Көзмөлчүлүк кеңеши күн тартибине коюлган маселени карап чыгып **Токтом кылат :**

1. КР Өкмөтүнүн 2004-жылдын 3-февралындагы №53 токтомунун №5 "КР жогорку кесиптик билим берүүчү билим берүү уюмдары жөнүндө Жобо"сунун VIII "ЖОЖ дордун каржылык жана чарбалык ишкердүүлүгү" бөлүмүнө таянып, ОшМУнун МИТ факультетинин базасында өндүрүштүк лаборатория ачуу үчүн Мобилдик компьютердик классты тиешелүү комплекттөөчү оргтехникалары жана керектелүүчү каражаттары менен бирге сатып алууга атайын каражаттын эсебинен 7 975 000 сом бөлүп берүү колдоого алынсын.

**V Угулду: Калматов Р.К.,**-ОшМУнун Медицина клиникасынын Байкоочулар кеңешинин төрагасы. Клиниканын мындан ары өнүгүшү, сапаттуу жана ар тараптуу медициналык тейлөөлөрдү көрсөтүү үчүн диагностикалык, стоматологиялык жана хирургиялык жабдууларды, ошондой эле сарпталуучу материалдарды сатып алуу муктаждыгы зарыл болуп жаткандыгы жөнүндө маалымат берди. Ал үчүн ОшМУнун "Коом жана билим берүү" пилоттук долбоорунун алкагында "Саламаттыкты сактоону аймактык өнүктүрүү жана медициналык билим берүү" бизнес долбоору штелип чыкканын белгилеп, анын негизги мазмуну менен тааныштырды (негиздемелер тиркелет). Долбоорду ишке ашыруу үчүн университеттен 40 000 000 сом заем 5 жылдык мөөнөткө 16 пайыз үстөк менен бөлүнүп берилишин өтүндү.

ОшМУнун Көзмөлчүлүк кеңеши күн тартибине коюлган маселени карап чыгып

**Токтом кылат:**

1. КР Өкмөтүнүн 2004-жылдын 3-февралындагы №53 токтомунун №5 "КР жогорку кесиптик билим берүүчү билим берүү уюмдары жөнүндө Жобо"сунун VIII "ЖОЖ дордун каржылык жана чарбалык ишкердүүлүгү" бөлүмүнө таянып, ОшМУнун медициналык клиникасына диагностикалык, стоматологиялык жана хирургиялык

жабдууларды ошондой эле сарпталуучу материалдарды сатып алууга 40 млн. сом 5 жылга 16 пайыз үстөк менен заем берүү жактырылсын.

**VI Угулду: Пусур т. Замир**-ОшМУнун пландоо-финансылык бөлүмүнүн башчысы. Акыркы мезгилде Россия Украинада демилитаризация, денационализация боюнча атайын согуштук операция жүргүзүп жаткандыгына байланыштуу, ал глобалдык экономикага өзүнүн терс таасирин тийгизип, инфляция күч алып, энергоресурстардын, азык-түлүктөрдүн, эл кеңири керектөөчү товарлардын бааларынын сезилерлик өсүшүнө жана адамдардын жашоо шартын улам татаалдаштырып жаткандыгына токтолду. Дээрлик бардык акчалардын куну АКШ долларына салыштырмалуу күн санап түшүп жаткандыгына күбө болуп жатабыз. Согуштук операция башталганга чейин Кыргыздын 85 сому 1 АКШ долларына барабар болгон болсо, учурда 105 сому 1 АКШ долларына туура келип калды, башкача айтканда сомдун куну 19,1% төмөндөдү, бул албетте студенттердин жашоо шартын татаалдаштырып материалдык абалын төмөндөтпөй койбойт (кат тиркелет). Ошондуктан тарифтердин прейскурантын карап берүүңүздөрдү суранабыз.

ОшМУнун Көзмөлчүлүк кеңеши күн тартибине коюлган маселени карап чыгып

## Токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 1-июлу № 370 " Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарын мамлекеттик билим берүү грантынын өлчөмдөрүнүн негизинде республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен каржылоонун тартиби жөнүндө" токтомунун 2-пуктуна таянып ОшМУнун Эл аралык медицина факультетинин I курсунун акы төлөнүүчү тейлөөлөр боюнча түзүлгөн тарифинин прейскуранты 2021-2022- окуу жылынын экинчи жарымынан баштап 205000 сомдун ордуна 175000 сомго өзгөртүлүшү колдоого алынсын.

**VII Угулду:** Пусур т Замир.,- пландоо-финансылык бөлүмүнүн башчысы, Калбаев Ж.-МИТ факультетинин ПМИ (м)-1-20 тайпасынын магистранты, ата-энеси каза болушкан, үй-бүлөлүк шартына байланыштуу контракттык төлөмдөн жеңилдик сурап кайрылган (ата-энесинин кайтыш болгондугу жөнүндө аныктамалары тиркелет).

Момунжанова Э.,-Эл аралык мамилелер факультетинин МО(б)-2-18 тайпасынын студенти Татарстан Республикасында өткөн дүйнө чемпионатынын коло байгесинин ээси, мындан тышкары “Алыш күрөшү” боюнча Кыргыз Республикасынын жеңүүчүсү ж.б. байгелерди багындырган, контракттык төлөмдөн жеңилдик берүүнү өтүнүп кайрылган ( дипломдору, сертификаттары тиркелет)

ОшМУнун Көзмөлчүлүк кеңеши күн тартибине коюлган маселени карап чыгып

## Токтом кылат:

1. **Калбаев Жанболот**-МИТ факультетинин ПМИ (м)-1-20 тайпасынын магистрантына 2020-жылдын 10-мартында бекитилген “ ОшМУнун контракттык негизде окугандар үчүн айрым категориялар боюнча окуу төлөмүнө жеңилдик берүү боюнча Жобосуна” таянып 2021-2022- окуу жылындагы контракттык төлөмүнөн (27160 сом) атайын каражаттын эсебинен 50 пайыз өлчөмүндө (13580 сом) жеңилдик берилсин.
2. **Момунжанова Элзада**-Эл аралык мамилелер факультетинин МО(б)-2-18 тайпасынын стдентине “ ОшМУнун контракттык негизде окугандар үчүн айрым категориялар боюнча окуу төлөмүнө жеңилдик берүү боюнча Жобосуна” таянып 2021-2022-окуу жылындагы контракттык төлөмүнөн (30100 сом ) атайын каражаттын эсебинен 35 пайыз өлчөмүндө (10535 сом) жеңилдик берилсин.

**VIII Угулду: Сабиров С.А.**,-“Ынтымак” окуу-машыгуу лабораториясынын жетекчиси, “Университет” ОшМУ волейбол клубунун төмөндөгү окутуучуларына жана студенттерине Кыргыз Республикасынын улуттук лига чемпионатында спорттун волейбол түрү боюнча команданын курамында ойгогондугуна байланыштуу жана башка ар кандай деңгээлдеги мелдештерге машыгууларды өткөрүп, такай катышып туруусу үчүн (алардын күнүмдүк, жол акылык, спорттук кийим-кече, медикаменттик ж.б.чыгымдарын эске алып) балдардын жана кыздардын командаларына кошумча айлык (үстөк акы) жана стипендия төлөп берүүңүздөрдү суранабыз (тизмелери тиркелет).

ОшМУнун Көзмөлчүлүк кеңеши күн тартибине коюлган маселени карап чыгып

## Токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майы №300 “Кыргыз Республикасында билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди коюу жана колдонуу жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтомунун 15 пунктуна таянып “Университет” ОшМУ волейбол боюнча балдар жана кыздар командаларынын төмөндөгү окутуучуларына жана студенттерине Кыргыз Республикасынын улуттук лига чемпионатында спорттун волейбол түрү боюнча команданын курамында ойгогондугуна байланыштуу жана башка ар кандай деңгээлдеги мелдештерге машыгуулуарды өткөрүп, такай катышып туруусу үчүн (алардын күнүмдүк, жол акылык, спорттук кийим-кече, медикаменттик ж.б.чыгымдарын эске алып) атайын каражаттын эсебинен балдардын жана кыздардын командаларына кошумча айлык (үстөк акы) жана стипендия төлөп берүү колдоого алынсын.

“Университет” ОшМУ балдардын волейбол клубу

| № | Аты жөнү | Аткарган кызматы | Төлөнүү убагы | Суммасы сом | Жыйынтыгы сом |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кулуев Бакытбек | Окутуучу | 10 ай | 7.500 | 75000 |
| 2 | Атабаев Алмаз | Окутуучу | 10 ай | 5000 | 75000 |
| 3 | Тайирбек уулу Эрлан | Окутуучу | 10 ай | 7.500 | 75000 |
| 4 | Жунусов Омур | Окутуучу | 10 ай | 15 000 | 150 000 |
| 5 | Кожомберди уулу Нурбек | Студент | 10 ай | 15 000 | 150 000 |
| 6 | Иса уулу Элдияр | Окутуучу | 10 ай | 5000 | 50000 |
| 7 | Жоомарт уулу Жайнак | Окутуучу | 10 ай | 5000 | 50 000 |
| 8 | Айткулов Жолдубай | Окутуучу | 10 ай | 7.500 | 75 000 |
| 9 | Токтобаев Азамат | Окутуучу | 10 ай | 7.500 | 75000 |
| 10 | Акматали улуу Эржигит | Студент | 10 ай | 5000 | 50 000 |
| 11 | Абдисатар уулу Тарасбек | Студент | 10 ай | 5000 | 50 000 |
| 12 | Омурали уулу Асылбек | Окутуучу | 10 ай | 5000 | 50000 |
| | **Жалпы жыйынтыгы:** | | **10 ай** | **90 000** | **900 000** |

“Университет” ОшМУ кыздардын волейбол клубу

| № | Аты жөнү | Аткарган кызматы | Төлөнүү убагы | Суммасы Сом | Жыйынтыгы сом |
|---|---|---|---|---|---|

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Абдыкеримова Айзада | Студент | 10 ай | 7000 | 70 000 |
| 2 | Аматжанова Гулиза | Студент | 10 ай | 5000 | 50 000 |
| 3 | Бактыбек кызы Нуриза | Студент | 10 ай | 5000 | 50 000 |
| 4 | Касыбекова Акмаанай | Студент | 10 ай | 5000 | 50 000 |
| 5 | Абдусалам кызы Мавтуна | Студент | 10 ай | 5000 | 50 000 |
| 6 | Досумбектова Ызатгүл | Студент | 10 ай | 5000 | 50 000 |
| 7 | Сагынбай кызы Миргул | Студент | 10 ай | 5000 | 50 000 |
| 8 | Маматжан кызы Адина | Студент | 10 ай | 5000 | 50 000 |
| 9 | Алимбекова Алтынай | Окутуучу | 10 ай | 5000 | 50 000 |
| 10 | Ботобекова Айнура | Окутуучу | 10 ай | 5000 | 50 000 |
| 11 | Султанкул кызы Эллада | Китепканачы | 10 ай | 5000 | 50 000 |
| 12 | Ысмаилова Нурзат | Машыктыруучу | 10 ай | 7500 | 75 000 |
| | **Жалпы жыйынтыгы:** | | **10 ай** | **67 000** | **670 000** |

IX **Угулду: Сабиров С.А.**,-"Ынтымак" окуу-машыгуу лабораториясынын жетекчиси, Ош мамлекеттик университетинин кичи –футбол курама командасы Кыргыз Республикасынын жогорку лигадагы жогорку окуу жайлар аралык болуп өткөн спорттун кичи-футбол түрү боюнча чемпионатында 2-орунду жеңгендигине байланыштуу төмөнкү студенттердин контракттык төлөмдөрүнө жеңилдик берип 50 пайызга кыскартууга уруксат беришиңиздерди суранабыз (билдирүү тиркелет).

ОшМУнун Көзмөлчүлүк кеңеши күн тартибине коюлган маселени карап чыгып

## Токтом кылат:

1. Ош мамлекеттик университетинин кичи –футбол курама командасы Кыргыз Республикасынын жогорку лигадагы жогорку окуу жайлар аралык болуп өткөн чемпионатында 2-орунду жеңгендигине байланыштуу "ОшМУнун контракттык негизде окугандар үчүн айрым категориялар боюнча окуу төлөмүнө жеңилдик берүү жөнүндө Жобосуна" таянып төмөнкү студенттердин контракттык төлөмдөрүнө 50 пайыздык жеңилдик берилсин.

Ош мамлекеттик университетинин кичи-футбол курама командасы

| № | Студенттин аты жөнү | Окуу түрү | Факультети | Курсу | Группасы |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мадаминов Заирбек | бакалавр | Педфак | 1-курс | Ф(б)-2-21 |
| 2 | Насиров Бегзат | бакалавр | Педфак | 3-курс | Ф(б)-3-19 |
| 3 | Муктарали уулу Уланбек | магистр | Педфак | 1-курс | Ф(м)-1-21 |
| 4 | Гапыров Султанбек ВР | магистр | Педфак | 3-курс | ЛИ-1-21 |
| 5 | Нурмат уулу Иррахим | бакалавр | Педфак | 2-курс | Ф(б)-1-20 |
| 6 | Исламов Алымбек | бакалавр | Медфак | 3-курс | Ст-2-19б |
| 7 | Ражапов Сыймык | бакалавр | МИТ | 3-курс | ИСТ(б)-3-19 |
| 8 | Эркабоев Окилбек | магистр | Педфак | 2-курс | Ф(м)-1-20 |
| 9 | Айбек уулу Тоолонбай ВР | бакалавр | Педфак | 2-курс | Ф(б)-3-20 |
| 10 | Токоев Арсланбек | бакалавр | Педфак | 1-курс | Ф(б)-2-21 |
| 11 | Уркунбаев Али | бакалавр | Педфак | 2-курс | Ф(б)-1-20 |
| 12 | Акунов Бектурсун | бакалавр | Педфак | 2-курс | Ф(б)-1-20 |

**X** **Угулду: Сабиров С.А.**,-"Ынтымак" окуу-машыгуу лабораториясынын жетекчиси, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу "Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт боюнча мамлекттик агенттигинин" 03.03.2022-жыл №22 КР жогорку окуу жайларынын ректорлоруна жөнөтүлгөн каты менен тааныштырды, Бишкек шаарында 22-марттан 26-апрельге чейин Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайлар арсында студенттик лиганын (спорттун 17 түрү боюнча ) универсиадасы болорун жана ага ОшМУнун командалары дагы активдүү катышуусу керектиги жөнүндө маалымат берди (аталган кат жана катышуучуларга сарптала турган чыгымдардын сметасы тиркелет).

ОшМУнун Көзмөлчүлүк кеңеши күн тартибине коюлган маселени карап чыгып

## **Токтом** кылат:

Бишкек шаарында 2022-жылдын 22-мартынан 27-апрелине чейин боло турган Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайлар арсында студенттик лиганын (спорттун 17 түрү боюнча ) универсиадасына ОшМУнун командалары катышып келиши колдоого алынсын. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майы №300 "Кыргыз

Республикасында билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди коюу жана колдонуу жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтомуна ылайык универсиадага катышуучулардын чыгымдары сметанын негизинде атайын каражаттын эсебинен каржылансын:

| № | Спорттун түрү | Катыш саны | Оюн күнү | Жата турган күндөрү | Тамак аш сом | Жатак сом | Жол акы | Баары, сом |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | **Волейбол балдар** | 13 | 8 | 7 | 600 | 500 | 3000 | 146900 |
| 2 | **Волейбол кыздар** | 11 | 8 | 7 | 600 | 500 | 3000 | 124300 |
| 3 | **Баскетбол балдар** | 10 | 8 | 7 | 600 | 500 | 3000 | 113000 |
| 4 | **Баскетбол кыздар** | 10 | 8 | 7 | 600 | 500 | 3000 | 113000 |
| 5 | **Тогуз корг балдар** | 5 | 6 | 5 | 600 | 500 | 3000 | 45500 |
| 6 | **Тогуз корг кыздар** | 5 | 6 | 5 | 600 | 500 | 3000 | 45500 |
| 7 | **Стол тенн балдар** | 4 | 5 | 4 | 600 | 500 | 3000 | 32000 |
| 8 | **Стол тенн кыздар** | 4 | 5 | 4 | 600 | 500 | 3000 | 32000 |
| 9 | **Жеңил атл балдар** | 11 | 3 | 2 | 600 | 500 | 3000 | 63800 |
| 10 | **Жеңил атл кыздар** | 11 | 3 | 2 | 600 | 500 | 3000 | 63800 |
| 11 | **Дзюдо балдар** | 8 | 3 | 2 | 600 | 500 | 3000 | 46400 |
| 12 | **Дзюдо кыздар** | 8 | 3 | 2 | 600 | 500 | 3000 | 46400 |
| 13 | **Футбол** | 11 | 8 | 7 | 600 | 500 | 3000 | 124300 |
| 14 | **Бокс** | 14 | 6 | 5 | 600 | 500 | 3000 | 127400 |
| 15 | **Суууда сүзүү бал,кыз** | 13 | 3 | 2 | 600 | 500 | 3000 | 75400 |
| 16 | **Ордо** | 9 | 6 | 5 | 600 | 500 | 3000 | 81900 |
| 17 | **Греко-Рим күрөш** | 11 | 3 | 2 | 600 | 500 | 3000 | 63800 |
| 18 | **Самбо** | .8 | 2 | 1 | 600 | 500 | 3000 | 37600 |
| 19 | **Кыргыз күрөш** | 8 | 2 | 1 | 600 | 500 | 3000 | 37600 |
| 20 | **Шахмат балдар** | 5 | 6 | 5 | 600 | 500 | 3000 | 45500 |
| 21 | **Шахмат кыздар** | 5 | 6 | 5 | 600 | 500 | 3000 | 45500 |
| 22 | **Эркин күрөш балда** | 11 | 3 | 2 | 600 | 500 | 3000 | 63800 |
| 23 | **Эркин күрөш кызд** | 11 | 3 | 2 | 600 | 500 | 3000 | 63800 |
| 24 | **Оор атлетика** | 11 | 3 | 2 | 600 | 500 | 3000 | 63800 |
| | **Жалпысы :** | | | | | | | **1703 000** |

**ОшМУнун Көзмөлчүлүк кеңешинин төрагасы** **Б.А. Нурунбетов**

**Катчысы** **А.А. Абдыкеримов**